Тиркеме

**1000 вольттон жогору чыңалуудагы**
**электр тармактарын коргоо эрежелери**

1. Ушул Эрежелер 1000 вольттон жогору чыңалуудагы электр тармактарын сактоону камсыздоо, ушул тармактарды пайдалануунун нормалдуу шарттарын түзүү жана кырсык учурлардын алдын алуу максаттарында киргизилишүүдө жана 1000 вольттон жогору чыңалуудагы электр тармактарын долбоорлоо, куруу жана эксплуатациялоо учурларында, ошондой эле электр тармактарына жакын жерлерде иштерди өндүрүү жана башка ишмердикти жүзөгө ашыруу учурунда колдонулат.

1000 вольттон жогору чыңалуудагы электр тармактары алдында (мындан ары «электр тармактары») ушул Эрежелердин максаттары үчүн көмөкчордондору, бөлүштүрүүчү түзмөктөр, агын өткөргүч зымдар, электр берүүлөрдүн аба чубалгылары (мындан ары «электр берүүлөрдүн аба чубалгылары»), жер алдындагы жана суу алдындагы электр берүүлөрдүн кабелдик чубалгылары жана аларга тиешелүү боло турган курулмалар түшүндүрүлөт.

Электр тармактарын коргоо ушул электр тармактарына жооптуу болгон ишканалар (уюмдар) тарабынан жүзөгө ашырылат.

2. Электр тармактарынын сакталып туруусун камсыздоо, аларды пайдалануунун нормалдуу шарттарын түзүү жана кырсык окуялардын алдын алуу үчүн жер тилкелери бөлүнүп берилет, күзөтүү зоналары, электр тармактарынан имараттарга, курулмаларга, жер жана суу беттерине чейинки минималдуу жол бериле турган аралыктар орнотулушат, токой массивдеринде жана жашыл өсүмдүктөрдү аралап токой жолдору салынат.

3. Электр тармактарын куруу жана пайдалануу мезгилине карата жер тилкелери белгиленген тартипте бөлүнүп берилет.

4. Электр тармактарынын күзөтүү зоналары төмөнкүдөй орнотулушат:

1) электр берүүнүн аба чубалгыларын бойлоп вертикалдуу жалпак беттер менен чектелген, чубалгыдан эки тарабын карай тең алардын аралыктагы четке кагылбаган абалдарында эң четки өткөргүч зымдардан турган жер тилкеси жана аба мейкиндиги түрүндө:

чыңалуусу менен чубалгылар үчүн:

| | |
|---|---|
| - 20 киловольтко чейин | 10 метр |
| - 35 киловольт | 15 метр |
| - 110 киловольт | 20 метр |
| - 220 киловольт | 25 метр |
| - 500 киловольт | 30 метр |

2) жер үстүндөгү электр берүүнүн кабелдик чубалгыларын бойлоп,

вертикалдуу жалпак беттер менен чектелген, чубалгынын эң четки кабелдеринин эки тарабында тең 1 метр аралыкта турган жер участогу түрүндө;

3) суу алдындагы электр берүүлөрдүн кабелдик чубалгыларын бойлоп суунун бетинен түбүнө чейинки, чубалгынын эки тарабы тең боюнча эң четки кабелдеринен 100 метр аралыкта турган вертикалдуу жалпак беттер менен чектелген суу мейкиндиги түрүндө;

4) суулар (көлдөр, каналдар, дарыялар жана башкалар) аркылуу электр берүүнүн аба чубалгыларынын суулардын суу беттеринин үстүндөгү аба мейкиндиги түрүндөгү, вертикалдуу, чубалгынын эки тарабынан тең эң четки зымдарынын сызыктарынан алардын кеме жүрүүчү суулар үчүн четке кагылбаган абалдарынан 100 метр аралыкта турган жалпак беттер менен чектелген өтмөктөрдү бойлоп, кеме жүрбөй турган суулар үчүн, электр берүүсүнүн аба чубалгыларын бойлоп күзөтүлүүчү зоналарды орнотуу үчүн караштырылган аралыкта. Электр тармактарынын күзөтүлүүчү зоналарына кире турган жер тилкелери жер пайдалануучулардан алынып коюлушпайт жана алар тараптан айыл чарбачылык иштерин жана башка иштерди жүргүзүү үчүн ушул Эрежелердин талаптарын милдеттүү түрдө сактоо менен пайдаланылышат.

5. Электр берүүнүн аба чубалгыларынын күзөтүлүүчү зоналарындагы талаа айыл чарба иштери жер пайдалануучулар тарабынан ушул чубалгыларына жооптуу болгон ишканаларга (уюмдарга) алдын ала билдирүү менен жүргүзүлүшөт.

6. Электр берүүнүн аба чубалгыларынын күзөтүлүүчү зоналарында турган жерлерде, жерлерди убактылуу суу каптатуу менен байланышкан иштер жер пайдалануучулар жана ушул чубалгыларына жооптуу болгон ишканалар (уюмдар) ортосунда макулдаштыруу боюнча жүргүзүлүшөт.

7. Электр тармактарынан имараттарга, курулмаларга жана жыгач-бадалдуу өсүмдүктөргө чейинки минималдуу жол бериле турган аралыктар, ошондой эле электр берүүсүнүн аба чубалгыларынын зымдарынан жер жана суу беттерине чейинки аралыктар Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдары тарабынан бекитиле турган эрежелер, жоболор менен аныкталышат жана имараттарды жана курулуштарды долбоорлоо учурунда, дарактарды жана бадалдарды отургузуу, кыюу жана кесүү учурунда милдеттүү түрдө сакталууга тийиш.

8. Электр берүүнүн аба чубалгыларын бойлоп жана токой массивдеринде жана жашыл өсмүдүктөрдүн арасында жайгашкан көмөк чордондорунун жана бөлүштүрүүчү түзмөктөрдүн периметри боюнча токой жолдору Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдары тарабынан бекитиле турган эрежелерге ылайык салынышат.

9. Электр берүүнүн аба чубалгылары зымдарга тике жакындыкта өсүп турушкан токой массивдери аркылуу өткөн учурда, дарактарды кесүү ушул чубалгыларга жоопту болгон ишканалар (уюмдар) тарабынан жүргүзүлүшөт. Алар парктар, бакчалар жана башка көп жылдык өсүмдүктөр аркылуу өткөн

кезде, бак-дарактарды кыркуу электр берүүнүн ушул аба чубалгыларына жооптуу болгон ишканалар (уюмдар) тарабынан жүргүзүлүшөт, ал эми эки тараптуу макулдашуу болгон учурда – ушул өсүмдүктөр алардын балансында турган ишканалар, уюмдар жана мекмелер, же жарандар – бакчалардын жана башка көп жылдык өсүмдүктөрдүн ээлери тарабынан ушул электр берүү чубалгыларына жооптуу болгон ишкана (уюм) тарабынан аныктала турган тартипте жүргүзүлүшөт.

10. Электр тармактарынын күзөтүлүүчү зоналарында ушул тармактарына жооптуу болгон ишканалардын (уюмдардын) жазуу жүзүндөгү макулдугусуз төмөнкүлөрдү аткарууга тыюу салынат:

1) каалаганай имараттардын жана курулмалардын курулуштарын, капиталдык оңдоосун, реконструкциясын же бузуп салууну жүргүзүүгө;

2) каалагандай түрдөгү тоо, жүктөө-түшүрүү, түбүн тереңдетүүчү, жер кочуштап казуусу, жардыруучу, мелиорациялык иштерди жүзөгө ашырууга, бак-дарактарды жана бадалдарды отургузууга жана кыркууга, талаа стандарын жайгаштырууга, малды айдап кирүү үчүн тосулмаларды орнотууга, жүзүм бактары жана бакчалар үчүн зымдан тосулмаларды, шпалерлерди курууга, ошондой эле айыл чарбачылыгынын өсүмдүктөрүн сугарууну жүргүзүүгө;

3) балык кармоону суу түбүндөгү кармоонун курал-аспаптары менен, башка суу жаныбарлардын жана өсүмдүктөрүн кармоону жүзөгө ашырууга, мал сугарууну уюштурууга, муз кесип алууга жана даярдоого (электр берүүлөрдүн суу алдындагы кабелдик чубалгыларынын күзөтүлүүчү зоналарында);

4) жүгү менен чогуу же жүксүз жолдун бетинен 4,5 метрден ашык жалпы бийиктикке ээ болгон машиналардын жана механизмдердин өтүүсүн жүргүзүүгө (электр берүүнүн аба чубалгыларынын күзөтүлүүчү зоналарында);

5) 0,3 метрден ашык терендикте, ал эми айдала турган жерлерде – 0,45 метрден ашык терендикте жер иштерин жүргүзүүгө, ошондой эле топуракты пландаштырууга (электр берүүчүнү жер алдындагы кабелдик чубалгыларынын күзөтүлүүчү зоналарында).

Көрсөтүлгөн иштерди электр тармактарынын күзөтүлүүчү зоналарында жүргүзүүгө жазуу жүзүндө макулдук алышкан ишканалар, уюмдар жана мекемелер аларды ушул тармактардын сакталып туруусун камсыздоочу шарттарды сактоо менен аткарууга милдеттүү болушат.

Электр тармактарынын күзөтүлүүчү зоналарындагы жардыруу иштерин аткарууга карата жазуу жүзүндөгү макулдук ушул иштерди жүзөгө ашыруучу ишканалар, уюмдар жана мекемелер тарабынан Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдары тарабынан бекитиле турган жардыруу иштери учурундагы коопсуздуктун бирдиктүү эрежелери менен караштырылган тиешелүү материалдар берилгенден кийин гана берилет.

Электр тармактарына жооптуу болгон ишканалардын (уюмдардын) электр тармактарынын күзөтүлүүчү зоналарындагы ушул пунктта караштырылган иштерди жүргүзүүгө карата жазуу жүзүндөгү макулдугун берүдөн баш тартуу

белгиленген тартипте даттанылган болушу мүмкүн.

11. Электр берүүсүнүн чубалгыларынын күзөтүлүүчү зоналарынын чектеринде ишканалар, уюмдар жана мекемелер тарабынан иштерди жүргүзүү эрежелери Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдары тарабынан белгиленишет.

12. Ишканалардын, уюмдардын, мекемелердин кызматкерлеринин жана калктын эмгегин жана ден соолугун коргоону камсыздоо шарттары, алар 500 киловольт чыңалуусу менен электр берүүнүн аба чубалгыларына жакын жайгашкан учурда, Кыргыз Республкасынын ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдары тарабынан аныкталышат.

13. Электр тармактарынын нормалдуу иштөөсүн буза турган жана алардын талкалануусуна же кырсык окуяларга алып келиши мүмкүн болгон кандайдыр бир аракеттерди жүргүзүүгө тыюу салынат, анын ичинде:

1) электр тармактарынын күзөтүлүүчү зоналарында автоунаага май куюу чордондорун жана башка күйүүчү-майлоочу материалдарды жайгаштырууга;

2) чоочун адамдарга электр тармактарынын курулуштарынын аймагында жана имараттарында турууга, электр тармактарынын курулуштарынын эшиктерин жана люктарын ачууга, электр тармактарында которуштурууларды жана туташтырууларды жүргүзүүгө;

3) электр тармактарынын объекттерине жакын келүүлөрдү жана кирүүлөрдү тосууга;

4) зымдарга, таянычтарга башка бир буюмдарды арта салууга жана жакындатууга, ошондой эле таянычтарга чыгууга;

5) каалагандай түрдөгү таштандыларды топтоого (электр тармактарынын күзөтүлүүчү зоналарында жана аларга жакын жерлерде);

6) жемдерди, жер семирткичтерди, саманды, көңдү, отундарды жана башка материалдарды кампалап чогултууга, от жагууга (электр берүүлөрдүн аба чубалгыларынын күзөтүлүүчү зоналарында);

7) спорттук аянттарды курууга, оюн аянттарын, стадиондорду, базарларды, коомдук транспорттордун токтоо пункттарын, машиналардын жана механизмдердин бардык түрлөрүнүн токтоочу жайларын уюштурууга, белгиленген тартипте уруксат берилген иштерди аткаруу менен алектенишпеген адамдардын көп топтолушуна байланышкан каалагандай иш-чараларды өткөрүүгө (электр берүүлөрдүн аба чубалгыларынын күзөтүлүүчү зоналарында);

8) абага учурулуучу оюнчуктарды, учкучу жок учуучу аппараттарды, учуучу аппараттардын спорттук моделдерин, анын ичинде башкарылбай тургандарын аппараттарды учурууга (электр берүүлөрдүн аба чубалгыларынын күзөтүлүүчү зоналарында жана аларга жакын жерлерде);

9) темир жол транспортунан башка транспорттун бардык түрлөрүн токтотууга (500 киловольт электр берүүлөрдүн аба чубалгыларынын күзөтүлүүчү зоналарында);

10) соккулоо механизмдери менен иштерди жүргүзүүгө, 5 тоннадан жогору салмактагы оордуктарды ыргытууга, жегич жана дат бастыруучу заттарды жана күйүүчү-майлоочу материалдарды төгүүгө жана куюштурууга (электр берүүлөрдүн аба чубалгыларынын күзөтүлүүчү зоналарында жана аларга жакын жерлерде);

14. Электр тармактарынын үстүндөгү жана аларга жакын аба мейкиндигинде аба кемелеринин учуусу жана аны башкача түрдө пайдалануу, ошондой эле электр тармактарын долбоорлоштуруу, куруу жана пайдалануу Кыргыз Республикасынын аба мейкиндигин пайдаланууну жөнгө салуучу мыйзамдарына ылайык жүзөгө ашырылууга тийиш.

15. Электр тармактарынын күзөтүлүүчү зоналарына жакын жерлерде, алардын бузулушуна алып келиши мүмкүн болгон жардыруу, курулуш жана башка иштерди жүргүзүп жатышкан ишканалар, уюмдар жана мекемелер ушул иштерди аткаруу башталганга чейинки 12 суткадан кечиктирбестен, электр тармактарына жоопту болгон ишканалар (уюмдар) менен ушул электр тармактарынын сакталып турушун камсыздоочу иштерди өткөрүү шарттарын жана тартибин макулдаштырууга жана тиешелүү чараларды кабыл алууга тийиш.

16. Электр тармактарын кайра өзгөртүп түзүү же аларды бузулуулардан коргоо зарылдыгын пайда кыла турган иштерди аткарып жатышкан ишканалар, уюмдар жана мекемелер, тармактарды кайра өзгөртүп түзүү же коргоо боюнча иштерди өз каражаттарынын эсебинен электр тармактарына жоопту болгон ишканалар (уюмдар) менен макулдаштыруу боюнча аткарууга милдеттүү болушат.

17. Сугат сугаруучу жана коллектордук-дренаждык каналдарды, жүзүмзарлар жана бакчалар үчүн шпалерди жасоону куруу учурунда жана башка иштерди жасоодо электр тармактарына келүүчү жолдор жана ыкмалар сакталган болууга тийиш.

18. Электр мартактарына жакын жайгашкан курулуштарга, капиталдык оңдоого, имараттарды жана курулмаларды реконструкциялоого карата долбоордук-сметалык документтерде электр тармактарынын сакталышын камсыздоо боюнча иш-чаралар караштырылууга тийиш. Бул иш-чаралар электр тармактарына жоопту болгон ишканалар (уюмдар) менен макулдаштырылууга тийиш болушат.

19. Электр тармактарынын булгануусунун же дат басуусунун булагы болушу мүмкүн болгон объекттерди курууга, капиталдык оңдого, реконструкциялоого карата долбоордук-сметалык документтерде электр тармактарынын булгануусун жана дат басуусун чектөөчү же аларды булгануу (дат басуу) зоналарынан алып чыгууну уюштурууну караштыруучу иш-чаралар болууга тийиш.

20. Өндүрүштүк ишмердиги электр тармактарынын булгануусун же дат басуусун пайда кыла турган ишканалар, уюмдар жана мекемелер ушул

тармактарды ведомстволук тиешелүүлүгүнө карабастан электр тармактарынын булгануучун жана дат басуусун чектөө боюнча иш-чараларды өткөрүүгө милдеттүү болушат.

21. Белгиленген тартипте тариздетилишкен электр берүүлөрүнүн чубалгыларынын факт жүзүндөгү абалынын материалдары жергиликтүү бийлик органдарына аларды жер пайдалануунун тиешелүү карталарына киргизүү үчүн берилүүгө тийиш.

22. Курулуп жаткан же иштеп жаткан электр берүүнүн кабелдик чубалгыларына жооптуу болгон ишканалар (уюмдар) көрсөтүлгөн чубалгыларды адашуучу агындардан коргоо боюнча иш-чараларды жүзөгө ашырууга тийиш.

23. Электр берүүнүн күзөтүлүүчү зоналарынын темир жол же автоунаа жолдорунун тилкеси, түтүк өткөргүчтөрдүн күзөтүлүүчү зоналары, байланыш чубалгылары, электр берүүнүн башка чубалгылары жана ушул объекттерди эксплуатациялоо менен байланышкан иштерди жүргүзүү менен дал келишкен учурунда, иштерди жүргүзүү дал келишүүчү аймактардын участокторунда кызыкчылыгы бар ишканалар, уюмдар жана мекемелер тарабынан алардын ортосундагы макулдаштыруу боюнча жүзөгө ашырылышат.

24. Электр тармактарына жооптуу болгон ишканалардын (уюмдардын) жумушчуларына белгиленген тартипте башка ишканалардын, уюмдардын жана мекемелердин аймактарында жайгашкан тармактын объекттерине тоскоолдуксуз кирүү уруксатына карата укук, аларды оңдоо жана техникалык тейлөө үчүн берилет.

25. 500 киловольт чыңалуудагы электр берүүнүн аба чубалгылары менен кесилишүү жерлериндеги автоунаа жолдорунда ушул чубалгылардын күзөтүлүүчү зоналарында транспорттун токтоосуна тыюу салуучу жол белгилери орнотулууга тийиш.

26. Электр тармактарына жооптуу болгон ишканалар (уюмдар) токой массивдери аркылуу өтө турган электр тармактарына байланыштуу төмөнкүлөргө милдеттүү болушат:

1) токой жолдорун өрттөн коопсуз абалда кармап турууга;

2) токой жолдорунун туурасын, электр тармактарын куруунун долбоорлору менен караштырылган өлчөмдөрдө, ал токой жолдорунда бак-дарактарды (бадалдарды) кыюу жана башка ыкмалар менен сактап турууга;

3) белгиленген тартипте токой жолдорунан тышкары өсүшкөн жана кулап калуусу менен зымдарга жана таканчыктарга коркунучу туудурушкан дарактарды кыюуга;

4) бактарды жана бадалдарды өстүрүү үчүн пайдаланылуучу токой жолдорунда алардын бийиктиги 4 метрден ашып турган дарактарды кыркууга жана кыюуга.

27. Электр берүү чубалгыларындагы авариялардын алдын алуу жана алардын кесепеттерин жоюу үчүн ушул чубалгыларга жооптуу болгон

ишканаларга (уюмдарга) токой массивдериндеги жана токой коргоо тилкелериндеги ушул чубалгылардын трассаларына жакын жайгашкан айрым дарактарды, белгиленген тартипте токой кыркуучу билеттерди (ордерлерди) тиешелүү тариздетүү менен кыркууга уруксат берилет.

28. Электр берүү чубалгыларына жооптуу болгон ишканаларга (уюмдарга) ушул чубалгылардын күзөтүлүүчү зоналарында электр берүүнүн чубалгыларын оңдоо үчүн зарыл болгон жер жана башка иштерин жүргүзүүгө уруксат берилет.

Айыл чарбачылык жерлери боюнча өтө турган электр берүүнүн чубалгыларын оңдоо жана реконструкциялоо боюнча пландаштырылган иштер жер пайдалануучулар менен макулдаштыруу боюнча, эреже катары ушул жерлер айыл чарба өсүмдүктөрү менен ээленбеген учурда же, качан ушул өсүмдүктөрдүн сакталып турушун камсыздоо мүмкүн болгон учурда жүргүзүлүшөт.

Электр берүү чубалгыларындагы авариялардан алдын алуу же алардын кесепеттерин жоюу боюнча иштер жылдын кандай убагында болбосун жер пайдалануучу менен макулдаштыруусуз, бирок ага өткөрүлө турган иштер жөнүндө билдирүү менен жүргүзүлүшү мүмкүн.

Көрсөтүлгөн иштерди аткаруудан кийин электр берүү чубалгыларына жооптуу болгон ишканалар (уюмдар), жерлерди аларды максаттуу дайындалышы боюнча пайдаланууга жарактуу абалга алып келүүгө тийиш, ошондой эле жер пайдалануучуларга иштерди аткаруу учурунда келтирилген зыян тартууларынын ордун толтурушу керек. жер пайдалануучулардын зыяндары белгиленген тартипте аныкталышат жана орду толтурулушат.

29. Электр берүүлөрүнүн кабелдик чубалгыларын оңдоо жана реконструкциялоо боюнча жол каптоосун бузууга алып келе турган пландык иштер аларды өткөрүү шарттарын Кыргыз Республикасыеын ички иштер органдарынын бөлүмдөрү жана автоунаа жолдоруна жооптуу болгон ишканалар, уюмдар жана мекемелер менен, ал эми шаарлардын жана башка калктуу пункттардын чектеринде – ошондой эле бийликтин жергиликтүү органдары менен алдын ала макулдаштыруудан кийин гана жүргүзүлүшү мүмкүн. иштерди өктөрүү шарттары иштер башталганга чейинки үч суткадан кечиктирбестен макулдаштырылган болууга тийиш.

Кийнкиге калтырууга болбой турган учурларда, электр берүүнүн кабелдик чубалгыларын жол каптоосун бузууга алып келе турган оңдоо боюнча иштерди алдын ала макулдаштырбастан, бирок ички иштер огандарынын бөлүмдөрүнө жана көрсөтүлгөн жолдорго жооптуу болгон ишканаларга, уюмдарга жана мекемелерге, ал эми шаарлардын жана башка калктуу пункттардын чектеринде – ошондой эле бийликтин жергиликтүү органдарына билдирүүдөн кийин жүргүзүүгө уруксат берилет.

Көрсөтүлгөн иштерди аткарып жатышкан ишканалар (уюмдар) иштерди өндүрүү жерлеринен айланып өтүүлөрдү жана тосулмаларды орнотууга жана

тиешелүү жол белгилерин жайгаштырууга, ал эми иштер аякталгандан кийин топурактын түздөөгө жана жол каптоолорун калыбына келтирүүгө тийиш болушат.

Автоунаа жолдоруна жооптуу болгон ишканалардын, уюмдардын жана мекемелердин макулдугу менен жолдорго келтирилген бузууларды четтетүү боюнча иштерди аткаруу ушул ишканалар, уюмдар жана мекемелер тарабынан электр берүүнүн кабелдик чубалгыларына жооптуу болгон ишканалардын (уюмдардын) каражаттарынын эсебинен жүргүзүлүшү мүмкүн.

30. Жердеги иштерди жүргүзүп жатышкан ишканалар, уюмдар жана мекемелер, иштерди өндүрүүгө карата техникалык документтерде көрсөтүлбөгөн кабель табылган учурда, ошол замат бул иштерди токтотуп, кабелдин сакталып турушун камсыздоо чараларын кабыл алууга жана бул туурауу электр тармактарына жооптуу болгон жакынкы ишканага (уюмга), башка энергетикалык ишканага же бийликтин жергиликтүү органдарына маалымдоого милдеттүү болушат.

31. Электр тармактарынын күзөтүлүүчү зоналарында жана аларга жакын жерлерде ишканалар, уюмдар, мекемелер жана жарандар электр тармактарына жооптуу болгон ишканалардын (уюмдардын) кызматкерлеринин электр тармактарын сактоону камсыздоочу жана кырсык окуяларынын алдын алуучу талаптарын аткарууга милдеттүү болушат. Ушул Эрежелердин талаптары бузулган учурда электр тармактарына жооптуу болгон ишканалар (уюмдар) ушул тармактардын күзөтүлүүчү зоналарында башка ишканалар, уюмдар, мекемелер жана жарандар тарабынан аткарылуучу иштерди токтотууга укуктуу болушат.

32. Кыргыз Республикасынын жергиликтүү бийлик органдары, ошондой эле ички иштер органдары электр тармактарына жооптуу болгон ишканаларга (уюмдарга) электр тармактарындагы авариялардан алдын алууга жана алардын кесепеттерин жоюуга, ошондой эле бардык ишканалар, уюмдар, мекемелер жана жарандар тарабынан ушул Эрежелердин талаптарын аткарууну камсыздоого көмөк көрсөтүүгө милдеттүү болушат.

33. Ушул Эрежелердин талаптарын бузууга күнөөлүү болушкан кызмат адамдары жана жарандар белгиленген тартипте жоопкерчиликке тартылышат.

34. Эрежелерди бузуу жөнүндө протоколдор электр тармактарына жооптуу болгон ишканалардын (уюмдардын) ыйгарым укуктуу кызмат адамдары тарабынан түзүлүшөт. Ушул эрежелерди бузуу жөнүндө протоколдорду түзүүгө ыйгарым укуктуу кызмат адамдарынын тизмеги тиешелүү министрликтер жана ведомстволор тарабынан бекитилишет.